Мени христиандар Марямдын баласын чектен ашып улуктагандай улуктабагыла. Чындыгында, мен Анын (Аллахтын) кулумун. Силер мени: «Аллахтын кулу жана элчиси» - деп айткыла

Умар ибн Аль-Хаттаб (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: Мен пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: «Мени христиандар Марямдын баласын чектен ашып улуктагандай улуктабагыла. Чындыгында, мен Анын (Аллахтын) кулумун. Силер мени: «Аллахтын кулу жана элчиси» - деп айткыла».

[Сахих (ишенимдүү)] [Бухари жазып калтырган]

Христиандар Иса пайгамбарды Аллахка таандык сыпаттар менен сүрөттөгөндөй, Пайгамбарыбыз өзүн шарияттын чегинен ашып мактоо жана Аллахка таандык сыпаттар менен сүрөттөп ага ибадат кылуудан кайтарып жатат. Жана Пайгамбар кайыпты билет деп же Христиандар Марям уулу Иса пайгамбарга дуба кылышкандай Аллах менен кошо Пайгамбарга дуба кылуудан тыйып жатат. Андан соң Пайгамбар Аллахтын кулдарынын бири экендигин баяндап, аны: «Аллахтын кулу жана элчиси» - деп айтуубузду буйруду.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3406